КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ

КУСЕЙИН КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИ

**Д 10.23.667 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ**

Кол жазма укугунда
УДК: 82.0:82.1/-9(043)

**Курманалиева Гулнуркан Жакыпбековна**

# Мемуардык чыгармалар: жанрдык табияты, калыптанышы жана өнүгүү эволюциясы

10.01.01 – кыргыз адабияты

филология илимдеринин кандидаты
окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн
жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек – 2024

Диссертациялык иш Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** **Тиллебаев Садык Алаханович,** филология илимдеринин доктору, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин проректору

**Расмий оппонеттер:** **Кадырманбетова Айнура Күмөновна,** филология илимдеринин доктору, доцент, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Айтматовтаануу борборунун башкы илимий кызматкери

**Шамшиев Бекташ,** филология илимдеринин кандидаты, “Азаттык” үналгысынын тышкы кабарчысы

**Жетектөөчү мекеме:** Сатыбалды Наматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасы
Дареги: 722600, Нарын шаары, Сагынбай Орозбак уулу көч. №25

Диссертация 2024-жылдын 30-апрелинде саат 15.00 до Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кусейин Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.23.667 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот (Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү, 547). Диссертацияны коргоо боюнча видеоконференцияга кирүү шилтемеси: https://vc.vak.kg/b/102-pms-mzx-ajn

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан (Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспекти, 265а), Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Фрунзе көч. 547), К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин китепканаларынан (722044, Бишкек ш., Ч. Айтматов проспекти, 27) жана Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын электрондук порталынан төмөнкү шилтеме https://vak.kg/d_10_23_667/105478/ боюнча таанышууга болот.

Автореферат 2024-жылдын 29-мартында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин Окумуштуу катчысы,**

**филология илимдеринин кандидаты** **Ыйсаева Н.Т.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациялык темасынын актуалдуулугу.** Дүйнөнү көркөм чагылдырууда калем ээлери ар кайсы жанрларды, ар кандай формаларды жана түркүн түс стилдик өзгөчөлүктөрдү кеңири колдонуп келет.

Кыргыз жазма адабияты калыптана баштаган күндөн тартып коомдук турмуштун бардык тармагын камтып, адабий-тарыхый, маданий өнүгүүнүн этаптык өзгөчөлүктөрүнө жараша жанрдык-структуралык, идеялык-тематикалык жактан жаңыланып, улам байып, өнүгүп келди.

Улуттук адабиятыбыздын тарыхында да мемуардык чыгармалар көркөм процесстин белгилүү бир чегинде пайда болду, тагыраак айтканда, өткөн кылымдын алтымышынчы жылдарына келип бул жанрдагы чыгармалар жазыла баштады. Дагы да тагыраак айтчу болсок, мемуар жазчу авторлор өздөрү белгилүү бир жашка чыгып, өз өмүр тагдырларында пенделик да, адабий да тагдыр күтүнүп калган соң гана жаралды. Мунун айкын мисалы болуп өмүр тагдырларынын белгилүү бөлүгүн Октябрь революциясына чейин жашап, Кеңеш бийлигинин келиши жана анын маданий революциясынын шарапаты менен сабатсыздыктарын жоюп, жазуу-сызууну өздөштүрүп калышкан элдик төкмө акындарыбыз XX кылымдын 50 – 60-жылдарына келип, алтымыштан ашып калышкан соң биринин артынан бири басып өткөн өмүр тагдырларын кагазга түшүрүшүп, өзүнчө китеп кылып чыгара башташты. Натыйжада, Калык Акиев “Баскан жол” (1983), Осмонкул Бөлөбалаев “Менин өмүрүм” (1968), Саякбай Каралаев “Унутулгус күндөр” (1967) деген мемуардык китептерин окурмандарга тартуулашты.

Мемуар жанрында жазылган адабият, документалдык адабияттын бир түрү жана ошол эле учурда “сыр айтуу прозасынын” бир түрү. Тарыхта белгилүү бир из калтырган адамдын өмүр жолунда өзү күбө болгон реалдуу окуялар тууралуу жазган эскерүүлөрү болуп эсептелет. Мемуарчынын эмгегинин негизги өзөгү болуп тарыхый чындыкты тыкыр сактоо, фактографиялуулук, баяндоонун хроникалдуулугу, сюжет менен “ойноодон” баш тартуу, атайылап жасалган ар кандай көркөм ыкмалардан оолак болуу. Бул сыяктуу спецификалык белгилер мемуарды күндөлүк жанры менен жакындаштырат. Албетте, бул жерде күндөлүктөн айырмаланып, мемуардык чыгармада ретроспекция, алда качан болуп өткөн окуяларга кайрылуу, мемуаристтин турмуштук тажрыйбасынын бийиктигинен туруп өткөн окуяларга кайрадан баа берүү механизминин бар экендигин эске алганыбыз оң.

Кыргыз адабиятында алтымыш жылдын ичинде бул жанрда көптөгөн көркөм туундулар окурман журтка тартууланды. Бирок, өкүнүчтүүсү, бул жанрдагы чыгармалар баштан аяк иретке салынып талдоого алына элек. Биз бул диссертациялык ишибизде улуттук адабиятыбыздын айдыңында пайда болгон мемуардык чыгармаларды, биринчиден, иретке салып, топтоштурдук. Экинчиден, ички табиятына ылайык жанрдык көп түрдүүлүгүн аныктадык.

Үчүнчүдөн, өнүгүү процессин талдоого алдык. Төртүнчүдөн, мемуардык чыгармалардын көркөм дүйнө катары улуттук адабиятыбыздын контекстинен алган ордун аныктадык, илимий-теориялык жыйынтыктарды жасадык. Мына ушул багыттагы иштерибиз биздин **диссертациябыздын актуалдуулугун** аныктап турат.

**Диссертациянын темасынын илимий багыттар, илимий долбоорлор, билим берүү жана илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлгөн илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык ишибиз И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Мамлекеттик тил жана маданият институтунун илимий иштеринин тематикалык планынын, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин гуманитардык багыттагы «Филологиялык изилдөөлөрдүн өнүгүүсүнүн азыркы тенденциялары» деп аталган жалпы илимий темасынын алкагында жүргүзүлдү.

**Диссертациялык иштин негизги максаты жана милдеттери.** Изилдөөбүздүн негизги максаты – мемуардык чыгармалардын калыптануу жана өнүгүү эволюциясын, улуттук адабиятта ээлеген ордун, жанр катары структуралык-типологиялык, идеялык-эстетикалык өзгөчөлүгүн илимий анализге алуу.

Бул негизги максатты ишке ашырууда биз алдыбызга төмөндөгүдөй конкреттүү **милдеттерди** койдук:

1. Мемуардык чыгармалардын жанрдык табиятын аныктап берүү;
2. Мемуардык чыгармаларды дүйнөлүк адабияттын контекстинде кароодон өткөрүү;
3. Мемуардык чыгармалардын кыргыз адабиятында калыптаныш жолун талдоого алуу;
4. Эл ырчыларынын мемуардык чыгармаларындагы ийгиликтер менен кемчиликтерди, алардагы бөтөнчөлүктөрдү ачып көрсөтүү;
5. Кыргыз совет адабиятынын алкагында жаралган мемуардык чыгармалардын өзгөчөлүктөрүн көрсөтүп берүү;
6. Эгемендик жылдарындагы мемуардык чыгармаларды изилдөөдөн өткөрүү;
7. Аскер адамдарынын мемуардык чыгармаларын улуттук адабиятыбыздын контекстинде талдоо;
8. Маданият ишмерлеринин мемуардык чыгармаларынын спецификалык бөтөнчөлүктөрүн ачып көрсөтүү.

**Диссертациялык иштин илимий жаңылыгы.** Улуттук адабият таануубузда ушу күнгө чейин жеткиликтүү изилденбей келе жаткан теориялык проблемалардын бири болгон мемуардык чыгармалардын табияты, калыптанышы жана өнүгүшү алгач ирет баштан аяк системалуу иликтөөгө алынып, өзүнчө жанр катары мүнөздүү өзгөчөлүктөрү, аларды шарттаган коомдук-маданий кырдаалдар, мемуардык чыгармалардын структуралык-типологиялык мүнөзү жана түрлөрү комплекстүү изилдөөгө

алынып, жыйынтыктардын чыгарылышы илимий иштин жаңылыгы болуп эсептелет.

**Диссертациялык иштин практикалык мааниси.** Иликтөө ишинде изилденген мемуардык чыгармалар аз да болсо улуттук адабиятыбыздын коруна кошулган салым болуп эсептелет. Изилдөөнүн жыйынтыктары республикабыздын жогорку окуу жайларында өзөктүк дисциплиналардын бири болгон «Акындар чыгармачылыгынын тарыхы», «ХХ кылымдагы кыргыз профессионал адабияты» курстарын өтүүдө сунушталат. Иликтөөнүн жүрүшүндө чыгарылган илимий-теориялык тыянак ойлорду жаш изилдөөчүлөр акындар чыгармачылыгын окуп үйрөнүүдө, эл ырчыларынын көркөм мурастарына баа берүүдө, профессионал адабиятыбыздын өкүлдөрүнүн өмүрү, чыгармачылыгын өтүүдө колдонушса болот. Иликтөөдө предметтер аралык байланыштарга да орчундуу басым жасалгандыктан мындагы талдоолор менен жыйынтык ойлорду тарыхчылар, коом таануучулар, педагогдор, географтар да колдоно алышат.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор.**

1. Мемуардык чыгармалар – адабият таанууда теориялык-методологиялык негиздери иштелип чыккан, адабияттын негизги жанрлары менен катарлаш өнүккөн чыгармачылыктын өз алдынча жанрларынын бири;

2. Мемуардык чыгармалардын жанрдык өзгөчөлүктөрүн ачып берген аныктамаларга, структуралык, тематикалык, идеялык-эстетикалык өзгөчөлүктөрүн ачып бере турган адабий-теориялык ойлорго таянсак, коомдогу тарыхый-саясий себептер, жагдай-шарттар кыргыз адабиятында мемуардык чыгармалардын пайда болушуна өбөлгө түзүп, өнүгүү процессинде өзгөчө жанрдык туруктуу белгилерге ээ болгон;

3. Мемуардык чыгармалардын тарыхый чыгармаларга, илимий-биографиялык жана тарыхый-документалдык чыгармаларга жакын жанрдык окшоштуктары ошол эле учурда илимий жанрлардан айырмаланып, мемуарлар автордун үнүнүн активдүү катышуусун, анын жекече баа берүүсүн, кээде автордун чыгармадагы негизги фигура боло алгандыгын билдирет, алар репродукцияланган материалдын иш жүзүндөгү тактыгы боюнча күндөлүктөн айырмаланып, мемуардык чыгармада ретроспекция, алда качан болуп өткөн окуяларга кайрылуу, мемуаристтин турмуштук тажрыйбасынын бийиктигинен туруп өткөн окуяларга кайрадан баа берүү механизминин бар экендигин эске алган айырмачылыктары бар;

4. Эл ырчыларынын мемуарлары жөнүндө сөз кылганда биринчи кезекте алардын баштан-аяк бүткөн бир көркөм чыгарма катары кабыл алынарын эч качан эсибизден чыгарбасак. Ал мемуардык китептер дал ушундай сапат-касиеттеринен улам толук кандуу көркөм чыгармаларга коюлуучу талаптарга сөзсүз жооп берип турат;

5. Кыргыз совет адабиятынын алкагында жаралган мемуардык чыгармалардын композициялык түзүлүшүндө күндөлүктөр, каттар, автобиографиялык маалыматтар кеңири пайдаланылып, сюжеттин жандуу өнүгүшүнө шарт түзгөн;

6. Эгемендүүлүк жылдарындагы улуттук өзүн-өзү таануу, улуттук баалуулуктарга басым жасоо сыяктуу коомдук көрүнүштөр мемуардык чыгармаларды жандантып, өнүгүшүн шарттап, тарыхтын нукура күбөнамэси боло турган чыгармаларды жарата алышкан;

7. Аскер адамдарынын мемуардык чыгармалары улуттук адабият таануунун тарыхында алгачкы ирет адабий талдоонун объектисине айланып, мурдагы бүткүл союздук адабияттын алкагында жаралган улуу кол башчылардын мемуарлары менен улуттук адабиятыбыздын айдыңында жаралган чыгармалардын контекстинде каралып, бул багыттагы китептер ар тараптуу терең талдоого муктаж;

8. Маданият ишмерлеринин мемуардык чыгармалары да биринчи жолу адабий изилдөөнүн активине тартылып, ар тараптуу талдоого алынган.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** "Мемуардык адабият" деген түшүнүктүн тарыхый-филологиялык табиятынын алгачкылардан болуп ачылып берилишин, бул багыттагы материалдарды архивдерден, акын, жазуучуларбыздын үй-бүлөлүк архивдеринен бери издеп таап жандуу адабий процесске кошуусун, мемуардык чыгармалар улуттук көркөм казынабыздын ажырагыс бир бөлүгү экендигин конкреттүү мисалдардын негизинде далилдөөсүн жана да бул багыттагы көркөм туундулардын комплекстүү изилдөөгө алынышын изденүүчүнүн жеке салымы катары кароого болот.

**Диссертациялык иштин апробацияланышы.** Изилдөөнүн негизги мазмууну боюнча республикалык жана эл арадык илимий-теориялык, илимий-практикалык конференцияларда, симпозиумдарда баяндамалар жасалды.

**Диссертациялык иштин толук жарыяланышы.** Изилдөөнүн негизги мазмуну өлкөбүздүн негизги окуу жайларынын «Жарчыларында», РИНЦке катталган журналдарда жарыяланган диссертанттын 12 (он эки) макаласында көрсөтүлүп берилген жана ЖОЖдордо өткөрүлгөн конференцияларды жасалган баяндамаларында орун алды. Тема боюнча жарык көргөн макалалардын жалпы көлөмү 5,7 басма табакты түзөт.

**Эмгектин түзүмү.** Изилдөө иши киришүүдөн, үч баптан, жети параграфтан, он темачадан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен туруп, жалпы көлөмү 156 бет.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө иштин жалпы мүнөздөмөсү, теманын актуалдуулугу, максаты жана милдеттери, жаңылыгы, теориялык жана практикалык мааниси, коргоого коюлган негизги жоболор жана изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробоцияланышы берилди.

Илимий иштин биринчи бабы **"Мемуардык чыгармалардын спецификалык белгилери, жанрдык табияты жана эл ырчыларынын эскерүү китептери – мемуардык адабияттын алгачкы үлгүлөрү катары" деп аталып, эки бөлүмгө бөлүнгөн. "Мемуардык чыгармалардын**

**спецификалык белгилери, жанрдык табияты" деп аталган биринчи жана " Эл ырчыларынын эскерүү китептери – мемуардык адабияттын алгачкы үлгүлөрү катары (К.Акиев "Баскан жол", О.Бөлөбалаев "Менин өмүрүм", С.Каралаев "Унутулгус күндөр")** деп аталган экинчи бөлүмдө кандай көркөм туундулар мемуардык чыгармалар болуп эсептелинет? Кандай чыгармаларды биз мемуардык китептер деп атайбыз? Кыргыз адабиятынын айдыңында качан мемуардык чыгармалар пайда боло баштаган? Алардын иликтениш ал-абалы кандай? - деген суроолордун тегерегинде сөз болот.

Бул суроолордун жооптору илимий адабияттарда, сурап-билме китептерде эки ачакей айтылып жүргөнүнө күбө болобуз. Айталы, Жээналы Шериев менен усулчу-окумуштуу Абдыкерим Муратовдор "Кыргыз адабияты. Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү" деп аталган сурап билдирме китепте бул багытта момундай деп жазышты: "мемуар, мемуардык адабият (гр.– эскерүү) – белгилүү адамдын өзүнүн көрүп-билген, же башка жакын булактардан алган окуялары жөнүндө жазган эскерүү мүнөзүндөгү чыгармалары. Мында борбордук орунда баяндоочу автор турат да, окуяларга өзүнүн көз карашынан баа берет" [**Шериев, Ж., Муратов А.** Кыргыз адабияты (Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү): КЭнин Башкы ред.- 1994. – 54-б.].

"Эскерүү – көрүнүктүү инсандар жөнүндөгү аны көргөн-билген адамдардан кийин аны эстеп жазган **мемуардык чыгармалары... Эскерүүлөр бул же тигил адамдын өмүр баянын, чыгармачылык ишмердигин үйрөнүүдө, айрым адабий фактыларды тактоодо чоң мааниге ээ"** [**Шериев, Ж., Муратов А.** Кыргыз адабияты (Терминдердин түшүндүрмө сөздүгү): КЭнин Башкы ред.-1994. – 118-б.] *(Астын сызгандар Ж.Шериев менен А.Муратов)*.

Көрүнүп тургандай, адабиятчы менен усулчунун бул бир эле китебинен алган эки пикиринде бир эле жанрдагы чыгармалар жөнүндө эки ачакей пикир берилип олтурат. Авторлор алгач **"эскерүү – көрүнүктүү адамдар жөнүндөгү аны көргөн-билген адамдардын кийин аны эстеп жазган"** чыгармалары деп айтышса, кайра туруп **"белгилүү адамдын өзүнүн көрүп-билген, же башка жакын булактардан алган окуялары жөнүндө жазган"** чыгармалары деп айтышат. *(Астын биз сыздык – Г.К.)* Бул эки пикирдин кайсынысына ишенип, кайсынысына макул болсок болот? Албетте, бул жерде чындыкка көбүрөөк жакын турган пикир болуп экинчи айтылган ой эсептелинет.

Анан калса, илимий булактарда да маселенин дал ушундай экендигин ырастап турушат. Айталы, белгилүү адабиятчы Л.И.Тимофеев менен С.В. Тураев түзгөн "Словарь литературоведческих терминов" деген жыйнакта бул багытта жазылган момундай деген түшүндүрмөгө күбө болобуз: "Мемуарная литература (франц. memoire, от лат. Memoria-память, воспоминания). В широком смысле – записи людей о событиях прошлого, которые они наблюдали или в которых участвовали. К ним принадлежат автобиографии, дневники, заметки и т.д. Основным условием для отнесения

подобных записей к ним в узком смысле как особому виду искусства слова является установка их авторов на образное воспроизведение жизни. Подобно очерку, художественные мемуары основываются и полагает выявление в самой жизни типических явлений, характеров и событий с последующим их точным отражением в образах. Из многочисленных фактов мемуарист должен отобрать и воспроизвести те, какие позволят в неповторимо конкретной форме раскрыть существенные, характерные для эпохи явления. Предпологая даже большую, чем в очерках, точность и достоверность деталей, этот жанр исключает возможность поэтического домысла в обрисовке исторических деятелей и событий. Даже самые незначительные отступления от документально подтвержденных фактов снижают познавательную и художественную ценность мемуаров... По многим своим композиционным и языковым особенностям художественные мемуары сближаются с автобиографической повестью, разграничить эти жанры часто не представляется возможным, хотя в последней вводятся вымешленные лица и события" [**Словарь литературоведческих терминов** [Текст]/ Л. И. Тимофеев, С. В. Тураев. – М.: 'Просвещение', 1974. – стр. 48].

Мына ошентип, мемуардык адабияттын өзүмдүк сапат-белгилери, жанрдык өзгөчө касиеттери, ички табияты, башка жанрдагы чыгармалар менен окшоштуктары, жакындыктары жана алыстыктары бул келтирилген мисалда жеткиликтүү берилгендигине күбө болдук. Мемуардык чыгармалар биринчи кезекте эскерүү багытындагы көркөм туундулар болуп эсептелинери, анан да мындай чыгармалардын эң бир өзгөчөлүгү сапат-белгиси турмушту типтүү образдар аркылуу көркөм чагылдыруу болуп саналат экен. Маселеге дал ушундай чен-өлчөмдөн туруп мамиле жасаганыбызда гана эскерүү багытындагы жазылган чыгармалардын ички сапат-касиетин жеткиликтүү аңдап билген болобуз.

Профессионал жазма адабият пайда болуп өнүгүп-өскөн сайын анын жанрдык курамы да көп түрдүүлүккө ээ болуп, коомдук турмушту, андагы адамдардын жан-дүйнөсүн, кулк-мүнөзүн көркөм иликтөөнүн ыкмалары да ар түрдүүчө боло баштайт. Мындай жолду дүйнө элдеринин адабиятынын баардыгы басып өткөн десек жаңылышпайбыз. Тээ байыркы грек, рим адабиятынан баштап, профессионал жазма адабияты жаңыдан гана түптөлүп өнүгө баштаган элдердин адабияты да дал ушундай жолду басып өтөт. Муну биз дале болсо ушу дүйнөлүк адабияттын өзүнүн мисалдарынан ачык-айкын көрөбүз. Айталы, француз адабиятындагы Ж.Ж.Руссонун «Ымандай сыр», («Исповедь»), орус адабиятындагы А.М.Горькийдин «Балачак», «Көрүнгөндүн колунда», «Менин университетим» деген сыяктуу чыгармалар, өзүбүздүн чөлкөмдөгү тажик адабиятындагы Садриддин Айнинин «Эскерүүлөр», Айбектин «Балалык», А.Токомбаевдин "Солдат элек", Ч.Айтматовдун "Балалыгым" деген көркөм туундулары дал ушул автобиографиялык чыгармалардын мыкты үлгүлөрү болуп эсептелет.

Албетте, бардык эле адабий жанрлар сыяктуу эле мемуардык чыгармалар да өз алдынча өзгөчөлүктөргө, өздөрүнө гана тиешелүү бөтөнчөлүктөргө эгедер. Эгерде мемуардык чыгармалар тарыхый

романдардан же болбосо ар түрдүү очерктерден, түркүн түстүү лирикалык ырлардан же болбосо шаңдуу маанайдагы одалардан айырмаланып турбаса, биз аны атайын адабий жанр катары окуп үйрөнбөс элек.

Мемуардык чыгармадагы дагы бир өзгөчөлүк белгилүү окумуштуу Г.Н.Поспеловдун жалпы редакциясында жарык көргөн «Введение в литературоведение» деген окуу китебинде да ачык көрсөтүлүп берилген. Анда минтип жазылат: «Способы повествования… весьма разнообразны. …повествователь вполне может выступать в произведении и как некое «я». Таких персонифицированных повествователей, ведущих рассказ от своего собственного «первого» лица, естественно назвать разказчиками… Фактами своей жизни и умонастроениями многие из таких разказчиков персонажей оказываются весьма близкими (хотя и не торжественные) самим писателям» [**Поспелов, Г.Н.** Введение в литературоведение: [Текст]/ Г.Н. Поспелов.- М.:Высш.шк., 1988. – стр. 29]. Бул келтирилген цитатадан айкын болуп тургандай, бул жерде мемуардыкык чыгармалардагы турмуш көркөм баяндоонун жол-жобосу, ыкмаларынын бири күчөтүлдү, тагыраак айтканда, мемуардык чыгармалардагы окуялар, көрүнүштөр жазуучунун өзүнүн персонификацияланган «мени» аркылуу бериле тургандыгы белгиленип жатат.

Дегеле мемуардык чыгарманын өзүмдүк сапат-белгилери адабият теориясы менен алектенген бардык окумуштуулардын көңүлүн өзүнө буруп келиптир. Мисалы, белгилүү адабиятчы Л.Я.Гинзбург бул багытта минтип жазат: «… не может творит события и предметы, самые для него подходящие. События ему даны, и он должен раскрыть в них патентную энергию исторических, философских, психологических отобщений, тем самым превращая их в знаки этих отобщений. Он прикладывает дорогу от факта к его значению. И в факте тогда пробуждается эстетическая жизнь, он становится формой, образом, представителем идеи. Романист и мемуарист как бы начинают с разных концов и где-то по дороге встречаются в единстве события и смысла»[**Гинзбург, Л.Я**. О психологической прозе [Текст]/ Л.Я.Гинзбург.-Л.Ленин.отдел., - 1977.стр.145]

Арийне, мемуардык чыгармалар совет доорунда да, андан кийинки отуз жылдын ичинде да окумуштуулар тарабынан үзгүлтүксүз изилденип келди. Айталы, Т.П.Попова “Проблемы жанра и повествования в мемуарной трилогии П.Д.Боборыкина”, А.М.Маркусь “Военные мемуары и дневниковая проза Великой Отечественной войны: жанрово-стилевые особенности”, Е.И.Адамян “Художественный и мемуарный портрет в прозе Андрея Белого”, Н.М.Рогозина “Мемуарная проза А.М.Федорова в контексте литературного творчества писателя”, М.А.Михайлова “Мемуарная проза писателей в журнале “Новый мир” 1958 – 1970-х гг.: типология и поэтика жанра” деп аталган бир топ кандидаттык диссертациялар корголсо, А.В.Антюховдун “Русская мемуарно-автобиографическая литература XVIIIв.: Генезис, жанрово-видовое многообразие, поэтика”, Т.М.Колядичтин “Воспоминания писателей XX века: проблематика, поэтика” деген аталышта доктордук диссертациялары корголгон.

Ырас, мемуардык чыгармалар улуттук адабиятыбыздын айдыңында да жаралгандыгы тууралуу жогоруда учкай эскерме айтылып кетти. Алар жөнүндөгү бир аз кеңири маанидеги сөзүбүз кийинки параграфтарда улантылмакчы.

Мына ошентип, жыйынтыктап айтканда, мемуардык чыгармалар көркөм адабий жанрлар сыяктуу эле өзүмдүк сапат белгилерге, нукура спецификалык өзгөчөлүктөргө ээ болуу менен бирге узак сапар жолду басып өтүп келе жатыптыр.

Экинчи бөлүмдө **"Эл ырчыларынын эскерүү китептери – мемуардык адабияттын алгачкы үлгүлөрү катары (К.Акиев "Баскан жол", О.Бөлөбалаев "Менин өмүрүм", С.Каралаев "Унутулгус күндөр")** деп аталып, бөлүнүп иликтенди. Улуу залкар ырчылардын, улуу манасчыбыздын мемуардык чыгармаларындагы жанрдын башкы белгилери, өзүмдүк белгилери талдоого алынды.

Мына ушул жерде **диссертациялык иштин методологиялык негиздери тууралуу айта кетмекчибиз.** Иликтөөбүздүн илимий-методологиялык пайдубалы болуп антикалык доордун улуу ойчулдары Платон менен Аристотелдин, европалык сынчыл ойдун классиктериинин, XIX кылымдагы орустун улуу сынчыларынын эмгектериндеги **адабий чыгарманын табияты, көркөм чыгармачылыктын спецификалык бөтөнчөлүктөрү** жөнүндөгү ой жорумдары, тыянак пикирлери, совет доорундагы белгилүү окумуштуулардын эмгектериндеги **коом менен калемгердин өтмө катыш мамилеси, коомдун өнүгүүсү сүрөткердин тагдырындагы, сүрөткердин чыгармачылыгынын коомдун өсүп-өнүгүүсүндөгү ролу** жөнүндөгү ойлору, өзүбүздүн адабиятчы-окумуштууларыбыздын эмгектериндеги **каралып жаткан маселеге тиешелүү тыянак ойлору** алынды.

**Изилдөөнүн объектиси жана предмети.** Мемуардык чыгармалар өзүмдүк табиятына ылайык тигил же бул элдин адабияты кандайдыр бир мезгилдик тилкени басып өткөн соң жаралат. Бул мыйзам ченемдүүлүктөн биздин төл адабиятыбыз да кыйгап өтө алган жок. Сексенинчи жылдарга келип гана Т.Сыдыкбеков, К.Маликов, Б.Жакиев, А.Саспаев сыяктуу профессионал адабияттын өкүлдөрү да, залкар окумуштуу К.Асаналиев сымал илимпоздор да, ошону менен бирге дүйнө таанымы, аны элге жеткирүү усулу таптакыр башкача эстетикалык алкакта турушкан ырчылар поэзиясынын залкар өкүлдөрү Калык, Осмонкул, Алымкул, Токтогул, Ысмайыл сыяктуу төкмөлөр да жаратып келишти. Ал турсун эскерүү багытындагы көркөм туундусун профессионал жазма адабияттын да, ырчылар поэзиясынын да алкагында турбаган залкар жомокчу Саякбай Каралаев да окурмандарга тартуулады.

Мына ушинтип, улуттук адабиятыбыздын айдыңында жаралган мемуардык чыгармалар түркүн түстүү, ар кыл көркөм туундулар болуп эсептелет.Мына ушундай чыгармалардын дээрлик баарысы биздин **илимий ишибиздин негизги объектиси менен предметин** түзүп турат.

Жогоруда биз мемуардык жанрдын эң башкы касиети болуп көркөм баяндап жаткан мезгилдеги тарыхый чындыкты так-таамай сүрөттөп берүүсү керектигин айтып өттүк. Ырчыларыбыздын эскерүүлөрүн дыкаттап окуп келгенибизде мындай  сапаттын сакталбаганын да, сакталбай учкай кеткен учурларын да жетишээрлик деңгээлде эле байкап багабыз. Арийне, биз айныксыз чындык катары гана кабыл ала турган баяндоолорго ырчылардын чыгармаларындагы  өздөрүнүн ата-теги жөнүндөгү жазган эпизоддорду көрсөтүп кетсек болот. Алардын мезгилинде ар биринин ата-энеси, өздөрүнүн төрөлүшү жана балалык күндөрү жөнүндө жазуу түрүндөгү тастыктап турчу фактылык материалдардын жүргүзүлбөгөндүгүнөн улам биз ырчылардын эскерүү китептериндеги баяндарга ишенбей коё албайбыз. Айталы, атасы Акы Ажыбай уулу экендиги, Акы он төрт жашында атадан жетим калган, Акынын апасы–демек Калыктын чоң энеси – Сулайка бой келбети, өңү-түсү абдан келишкен сулуу аял болгондугу, төркүнү Нарындын Ак-Талаасынын басыз уругунан экендиги, күйөөсү өлгөн соң тиричилиги кыйындап төркүнүнө кеткендиги, ал жакты Осмон датка башкарып тургандыгы, Осмон датка “Орустарга өткүлө” деп Шабдан ортого салып жиберген Баяке, Ырайымбектерди байлап алып “орустан көрө Кытайга кетебиз” деп эки миң түтүнү менен Кашкарга карай көчө качкандыгы, жесир Сулайка да эл менен кошо Кытайга барып ал жерде Осмондун иниси Баракан Сулайканы уулу Акы менен кошо Кошалбай деген уйгур байга күрүч, ун, кырк зээрге сатып жибергендиги баары, кайталап айтабыз, майда-чүйдөсүнө чейин баяндалып  берилет.

Мындай көрүнүштү биз Осмонкул ырчынын эскерүү китебинен да жолуктурабыз. Дегеле бул жанрда чыгарма жаратышкан ырчыларыбыздын дээрлик баарысы өздөрүнүн балалык күндөрү жөнүндө эскеришкенде сөзсүз түрдө жокчулук турмуш, азаптуу жакырчылык жөнүндө жүрөк-жүлүндү эзе жазышат. Алардын айрымдары, айталы, Шаршенге окшогондору ошол оор турмушту да өзүнүн талантынын табиятына ылайык күлкүлүү кылып, ошол эле учурда контрасттык баяндоолорду ыктуу пайдаланып, түпкүлүгүндө ошол оор турмуштун, жан кейиткен жакырчылыктын азап тозогун эң сонун кылып баяндап, көз алдыбызга элестүү тартып берет.

Эл ырчыларынын эскерүүлөрү жөнүндө сөз кылганда биринчи кезекте алардын баштан-аяк бүткөн бир көркөм чыгарма  катары кабыл алынарын эч качан эсибизден чыгарбасак. Ал эскерүү китептери дал ушундай сапат-касиеттеринен улам  толук кандуу көркөм чыгармаларга коюлуучу талаптарга сөзсүз жооп берип турушат. Бул айтылган ойдун эң сонун далили катары аталган эскерүү баяндарынын сюжеттик-композициялык түзүлүштөрүнө эле көз жүгүртүп көрсөк жетиштүү болот. Эл ырчыларынын эскерүү китептеринен биз кылдат колдонулган **ретроспективдүү баяндоолорду**, эң сонун жасалган **лирикалык чегинүүлөрдү,** окуялардын ырааттуу өнүгүшүн, кыскасы, көркөм чыгарманын сюжеттик-композициялык курулушу талап  кылган элементтерди кеңири жолуктурабыз.

Баяндоонун мындай ыкмасын айтылуу манасчы Саякбай Каралаевдин эскерүү китебинде да кеңири колдонулган. Дегеле Саякбай манасчы сюжет куруунун бул ретреспективдүү ыкмасын өзгөчө чебер пайдаланган десек аша чапкандык болбос эле.

Ошону менен бирге эл ырчыларынын эскерүүлөрүнүн сюжеттик-композициялык түзүлүштөрү жөнүндө сөз кылганда бул китептердин курамында **бирөөнүн аңгемеси, башкалардын баяны** катары берилген аңгемелерден сырткары тигил же бул окуяга, эл башынан (демек, эскерүүчүнүн өзүнүн да башынан) өткөн тарыхый окуяларга, жеке өзүнүн өмүр тагдырында кабылган турмуштук болумушка арналган узун сабак баяндоолорго да туш болобуз. Арийне, бул баяндар жогоруда сөз болгон башкалардын аңгемелери катары берилген үзүндүлөрдөн бир топ айырмаланып турушат. Биринчиден, мындай баяндар тикеден-тике эскерүүчүнүн өмүр-тагдыры менен байланышып турушат. Экинчиден, аларда эскерүүчүнүн өзүнүн ой толгоолору, ички сезимдери озгөчө так-даана көрүнүп турат. Ошондон улам мындай баяндоолор өзгөчө бир толук кандуу болуп, окурманга тийгизген таасири күчтүү чыккан.

Мындай баяндарга – биз Калык ырчынын зилзала жөнүндөгү, 1916-жыл жөнүндөгү, Осмонкул төкмөнүн Бакуга сапары жөнүндөгү баяндарын кошуп кетсек болот.

Эл ырчыларынын мемуардык китептери алар жашаган доордун көркөм летописи болуу менен бирге, өз мезгилинин тарыхый чындыгын эң сонун баяндап берген көркөм туундулар да болуп эсептелет.

Эл ырчыларынын баарысынын эскерүүлөрүндө өзгөчө бир жылуу маанай, бөтөнчө бир алпейим мамиле менен ачылып берилген – бул устаттын образы.

Эл ырчыларынын эскерүүлөрүндө көңүлдү өзүнө өзгөчө буруп турган дагы бир сапаттык көрүнүш бар. Ал – өз замандаштарынын чебер түзүлгөн портреттери.

Жыйынтыктап айтканда, эл ырчыларынын мемуардык көркөм туундулары да аталган жанрдын чектерин арылатып, ички табиятын жаңы сапат-белгилер менен байыта ала турган чыгармалардан болуп эсептелинет десек жаңылышпайбыз.

Ал эми **“Совет доорундагы жана эгемендик жылдардагы мемуардык чыгармалар: көйгөйлөр жана алгылыктуу кадамдар” деп аталган экинчи бөлүмдө** “Кыргыз совет адабиятынын алкагында жаралган мемуардык чыгармалар жана 1916-жылкы элдик трагедия эскерүү китептеринин көркөм интерпретациялоосунда. (А.Токтомушевдин “Үркүн” (“Мен көргөн күндөр”) деген чыгармасынын мисалында) деген мемуардык чыгармасы изилдөөгө алынды.

Сөз башында айтылып өткөндөй, калемгерлерибиз тарабынан бул жанрда бир топ чыгармалар жазылды.

Жанр демекчи, эгерде профессионал жазма адабиятыбыз түптөлүп, өнүгүп-өсүү жолуна түшкөн соң профессионал жазма маданияттын гана айдыңында пайда болуучу роман, повесть, поэма, трагедия, комедия, аңгеме,

новелла, очерк жана башка көптөгөн өзүмдүк жанрларында коом турмуш көркөм иликтөөгө ала баштады.

А.Токтомушевдин "Үркүн" ("Мен көргөн күндөр") деген мемуары буга чейин эч кимге белгисиз боюнча калып келген, мына жакында эле (2019-жылдын 11, 14, 20, 24-ноябрь күндөрү) "РухЭш" сайты тарабынан атпай журтка тартууланган залкар акын Абдрасул Токтомушевдин "Мен көргөн күндөр (Эскерүүлөрү)" талдоого алынды. Улуттук профессионал адабиятыбызды түптөгөн калемгерлердин бири, кыргыз адабиятынын тарыхында ыр менен жазылган экинчи романды ("Алтын тоо"), "Какшаалдан кат" сыяктуу классикалык поэманы жараткан акындын башынан өткөргөн турмушу бул жаңы табылганын өзөгүн түзүп турат. "РухЭш" сайты чыгарманы төрт бөлүктөн турган көркөм туунду катары жарыялады. Ар бир бөлүктүн ичинде чакан темачылыр коюлган.Келечектеги эл акыны бул мемуардык чыгармасында тээ бала күнүнөн тартып эр жеткенге чейинки башынан өткөргөн окуяларын ирээттүү да, кызыктуу да, көркөм да сүрөттөп берген. Замандаштарынын, калемдештеринин образдары аркылуу бүтүндөй бир доордун реалдуу картинасын жараткан.

**"Эгемендик жылдардагы мемуардык чыгармалар" деп аталган үчүнчү бөлүмдө болсо Мемуардык чыгарманын объектиси – маданий-адабий турмуш (Кеңешбек Асаналиевдин "Адабий айкаш" китеби), А.Саспаевдин "Шашкедеги кара туман" мемуардык китебинде тоталитардык бийликтин табиятынын көркөм иликтениши"** деп аталган мемуардык китептери салыштырма-типологиялык өңүттө иликтенди.

Кыргыз аңгемесинин өзгөчө чебери, улуттук аңгеме жанрын жаңы баскычка көтөргөн Аман Саспаев өмүрүнүн соңунда көлөмдүү чыгармаларды да жаратып, натыйжада, эки романын ("Парторг", 1977, "Тоо чабалекейи", 1989) окурмандарга тартуулаган болчу. Мына өмүр соңунда баштан өткөргөн окуялары тууралуу жогоруда аталган мемуардык чыгармасын жаратты. Советтик Кыргызстанда төрөлүп, Кытай Эл Республикасында окуп, эр жетип, жогорку билим алып, иштеп, КЭРдеги саясий репрециянын азап-тозогун баштан кечирип, акыры 1962-жылы Кыргызстанга келип, алгач чарбада тракторист, андан соң Москвадагы А.М.Горький атындагы Адабият институтунун эки жылдык Жогорку адабий курсунун угуучусу, кийин Кыргызстан жазуучулар союзунун Ысык-Көл облусу боюнча кеңешчиси, өмүр соңунда К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин профессору болуп иштеген жазуучунун **"Шашкедеги кара туман"**деп аталган мемуардык бул китеби калемгердин Кытай Эл Республикасындагы өмүр-тагдырын сүрөттөөгө арналган.

Чыгармада мемуардык жанрдын табиятына ылайык автордун өзүнүн образы баштан аяк кызыл сызык менен өтүп турат. Китептин алгачкы эле бетинде автор: "...1926–1929-жылдар аралыгында төрөлүпмүн",– деп белгилейт да, туулган айылы Түптүн Кең-Суусу экендигин айтып, "...Кытайга мурда качып кеткен туугандардын үндөөсү менен 1933-жылы... качып өтүппүз" – дейт.

Тарыхый маалыматтардан белгилүү болгондой, ал учурда бул жылдары Шинжиаңда гоминдандык кытай бийлиги өкүм сүрүп турган. 1944-жылы Шинжиаңда гоминдандык кытайларга каршы Улуттук боштондук революциясы болуп, натыйжада, Убактылуу өкмөт түзүлүп, өздөрүн “Чыгыш Түркстан Республикасы” деп жарыялайт. Бул Республика 1949-жылга, б.а. жалпы Кытайда Элдик революциянын натыйжасында Кытай Эл Республикасы түзүлгөгө чейин беш жыл өмүр сүрүп, 1949-жылы 25-сентябрда кайрадан КЭРдин курамына кошулат да, Синьцзян-Уйгур автоном району (СУАР) деп аталат. А.Саспаев минтип жазат: “Бул роман мына ошол боштондукка чыккан күндөн тартып (1949-жылдын 25-сентябрынан тартып – Г.К.), 1962-жылы Мекеним Кыргызстанга келгенге чейинки... өмүрүмө арналып отурат. Ал эми 1933 – 1944-жылдардагы гоминдандык кытайлар бийлеген доордо жана 1944 – 1949-жылдардагы Чыгыш Түркстан Республикасы мезгилиндеги баштан өткөн окуяларды бул китепке кошууну ылайык көргөн жокмун”.

А.Саспаевдин эки бөлүмдөн турган бул мемуардык чыгармасынын (өзү “автобиографиялык роман” дейт) биринчи бөлүмү 1948-жылы апасы Бүбүгалий “күтүлбөгөн жерден каза болуп” калган соң өздөрү жашап турган Текес уездинин борбору эсептелген Кызыл-Күрөө деген шаарчыдын качып чыгып, Чыгыш Түркстан Республикасынын борбору эсептелген Кулжа шаарына “сентябрь айынын аяк чениниде келгенинен”, бул жердеги “Билим юрти” деген окуу жайынын казакча 9-классына кабыл алынган учурунан башталат. Мындагы ар кандай саясий кыймылдарга катышуулары, төрт жыл окуган соң КЭРдин борбору Пекин шаарындагы Борбордук Улуттар институтуна жиберилип, ал жерден окуусун ийгиликтүү бүтүп келгени (1952 – 1956-жылдар), Үрүмчүдөгү “Эл басмасынын” кыргыз секторуна ишке орношкондугу жана чоң делегациянын курамында СССРдин Барбордук Азиядагы беш республикасын кыдырып кетүүсү менен бүтөт.

Мемуардын экинчи бөлүмү 1950-жылдардын экинчи жарымынан 1970-жылдардын экинчи жарымына чейин дээрлик жыйырма жылдан ашык мезгилге созулган,Кытайдын 1980-жылдардан кийинки жаңы жетекчилери “Солчулдук” өкүм сүргөн доор” деп аташкан он жылдыктардагы калайман жашоонун А.Саспаев өзү баштан өткөргөн жети жыл аралыгындагы окуяларын баяндого арналган. Мындан биз Кытай коммунисттик партиясынын идеологиясы башкача багытка бурулганын, “иш стилин түзөө” деген компания башталып, ишкана, мекемелердеги “оюু бузук” адамдарды ойлоп табышып, миңдеген карапайым жарандар “эмгек менен кайра тарбиялоо лагерлерине” күчтөп жөнөтүлө баштаганы, А.Саспаев өзү да ушул идеологиялык компаниянын курмандыгына айланып, “дыйканчылык кооперативинин үчүнчү бригадасында” орок оруп, машак терген, темир-болот заводунда алгач кирпич куюп, анан руданын кенинде иштеген, Фукаңуездиндеги “Уйгур көмүр заводундагы”, Шау Хуаң Шандагы шахтадагы тозоку күндөрү ж.б. көптөгөн окуялар баяндалат да, акыры 1962-жылдын 18-ноябрында киндик кан тамган кыргыз жерине – Ата Мекенге – кандай азап-тозок менен өткөнү көркөм чагылдырылат.

Китепте калемгер күндөлүктөн үзүндүлөрдү, каттарды иш билги пайдаланган.

Көрүнүктүү адабиятчы **Кеңешбек Асаналиевдин “Адабий айкаш”** деп аталган мемуардык китеби каралды. Атактуу адабиятчынын бул мемуары көзү өткөн соң бир жылдан кийин 2009-жылы басылып чыкты. Адабияттын теориясын өзгөчө мыкты билген окумуштуунун бул эскерүү баяны мемуардык чыгарманын мыйзам ченемдерин өтө кылдат сактоо менен жазылганы даана байкалып турат. Тагыраак айтканда, автор – курчап турган дүйнө – андагы адамдар – адамдар ортосундагы мамиле – аларга болгон автордук интерпретациялар – жалпы эле коомдук турмуш... Ушунун баары К.Асаналиевдин мемуарында өтө кылдат сакталган. Башкалардан айырмаланып, К.Асаналиев тээ балалык күндөрүнө тыкыр кайрылып олтурбайт. Өмүр башатын ыктуу жасалган ретроспекциялык сүрөттөөлөр аркылуу окурманга маалымдап берет. Китептеги негизги окуялар автордун бой жетип калган курагы, студенттик жана Ленинграддагы “Пушкин үйүндөгү” аспиранттык жылдары, Кыргыз ССРинин илимдер академиясындагы мезгили. Мындан сырткары ошол 40-50-60-70-80-жылдардагы адабий турмуш, коомдогу оош-кыйыштар... К.Асаналиев коомдук жана адабий-маданий турмушту байкоочу катары жалпылама сүрөттөө аркылуу бербейт. Мунун баарын өзү катышкан, өзү күбө болгон окуялар, мамилелер аркылуу чагылдырып берет да, анан гана жалпылама маанисиндеги жыйынтыктарды чыгарат. Мына ушул чен өлчөмдөн алганда китептин Токомбаев жана Сыдыкбеков, Асаналиев жана Сыдыкбеков, Асаналиев жана Айтматов, Асаналиев жана Абдукаимов, Асаналиев жана Бейшеналинев, Асаналиев жана “Манас” эпосу жөнүндөгү главалары өтө кызыктуу жазылган. Залкар адабиятчынын бул мемурдык чыгармасынын азыркы муундагы калемгерлер үчүн өзгөчө маанилүүлүгү – бул китепте адабияттын көптөгөн теориялык маселелеринин, буга чейин талаш-тартыштын предмети болуп келген проблемалардын чечмеленип берилиши. Мунун айкын мисалы катары “Манас” эпосунун “кошмо варианты”, “бириктирилген варианты”, “топтоштурулган варанты” деген сыяктуу чаташуулардын, элдик кенже эпосторду бизге жеткирген залкар төкмөлөр “жаратуучубу”, же “айтуучубу” экендиги жөнүндөгү талаштардын теориялык деңгээлде башы ачылып берилгендигинде. Албетте, китепте – жогорудагы сөздөн айкын болгондой – көптөгөн адамдардын кулк-мүнөздөрү, көптөгөн окуялардын ички маңызы өтө кылдат ачылып берилет. Ушул багытта биз буга чейин вульгардык-социологиялык сындын өкүлү, “Манас” эпосуна арналган 1952-жылкы бүткүл союздук илимий конференцияда улуу эпостун элдүүлүгүнө каршы турган, дегеле “мокочо адабиятчы” катары образы түзүлүп калган Пётр Балтиндин окумуштуулугуна, адамдык тагдырына арналган болүм объективдүүлүгү, калыстыгы менен эсте калат. Залкар адабиятчынын бул мемуардык китебинде мындай учурлар өтө арбын. Китеп ушунусу менен да баалуу десек болот.

Жыйынтыктап айтканда, чоң окумуштуу, мыкты теоретик Кеңешбек Асаналиевдин “Адабий айкаш” деп аталган бул мемуардык китеби таанып билдирүүчүлүк зор касиети менен баалуу демекчибиз.

Диссертациялык ишибиздин **үчүнчү бабы “Аскер адамдары менен маданият ишмерлеринин мемурдык чыгармалары – улуттук мемуардык адабияттын жаңы баскычы”** деп аталып, эки бөлүмгө бөлүнүп изилденди.

**“Аскер адамдарынын мемуардык чыгармалары улуттук адабиятыбыздын контекстинде”** делген **биринчи бөлүмгө** өз ара үч бөлүкчөгө бөлүндү да, буларда генерал-майор С.Самсалиевдин эскерүүлөрүнүн өзгөчөлүктөрү, генерал-лейтенант Калыйнур Үсөнбековдун “От кечкен күндөр” (“Ыйык милдетти аткарып”) мемуардык китеби, генерал-майор Дайыр Асановдун “Жердеги жашоо үчүн” китеби изилденди.

**а) Улуу Ата Мекендик согуштун улуу трагедиясынын көркөм чагылдырылышы (Генерал С.Самсалиевдин эскерүүлөрү).** Улуу Ата Мекендик согуштагы улуу жеңиштин 25 жылдыгынан соң, б.а. 1965-жылдан кийин мурдагы Советтер Союзунун аскер башчылары (маршалдар, генералдар ж.б.) улуу согуштун учурундагы кыйынчылыктар менен азап-тозокторду, советтик аскер башчылыгы менен катардагы жоокерлердин айтып бүткүс эрдиктерин, дегеле өздөрүнүн аскер адамы болуп калыптаныш жолун эл турмушунун ажырагыс бир бөлүгү катары баяндаган мемуардык китептерин жарыялай башташты. Бул иштин жапа тырмак колго алынышына, албетте, улуу аскер башчы, өмүрү легендага айланган маршал, төрт жолку Советтер Союзунун Баатыры Георгий Константинович Жуковдун дээрлик он жыл бою жазган, бир нече томдон *(1969-жылкы 1-басылышынан 1985-жылкы 8-басылышында 2 томдук болуп басылып жүргөн бул эскерме китеп 1988-жылкы 9-басылышынан тартып үч томдук болуп басыла баштады)*турган “Воспоминания и размышления” деп аталган атактуу мемуардык китебинен кийин даңазалуу аскер башчылар Константин Константинович Рокоссовскийдин “Солдатский долг”, Александр Михайлович Василевскийдин “Дело всей жизни”, Иван Степанович Коневдин “Записки командующего фронтом”, Родион Яковлевич Малиновскийдин “Солдаты России” деп аталган ж.б. эскерме китептер биринин артынан бири жарык көрө баштады. Алардын айрымдары эне тилибизге да которулуп, өзүнчө китеп болуп калың элге жетти...

Улуу кыргында кыргыз насилдүү атуулдардын дээрлик баарысы согуштун тим алдыңкы чегинде, душман менен бетме бет келген биринчи катардагы окоптордо салгылашты. Капитандык чинден (аны да айрым-айрым гана бирлери алган) жогорку аскерий даражага ээ болбогон (албетте, мындай абалда болуунун өзүнүн тарыхый себеби бар экенин баарыбыз билебиз) кыргыз жоокерлер Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында дал ушундай “окоптук офицерлерден” (“окопные офицеры”) гана болушканын.

Кыргыз ССРинин Аскер комиссариатын (Коргоо министрлигин) 15 жылдан ашуун (1958 – 1974) башкарган генеарал-майор Султаналы Самсалиев 1920-жылы азыркы Чүй облусунун Аламүдүн районундагы Арчалы айылында туулган. Айылдык мектепти аяктаган соң

гидромелоративдик техникумда окуп, анан 1939-жылы growth педининституттун география факультетинин 2-курсунда окуусун улантат. Бирок ошол эле жылы Кызыл Армиянын катарына чакырылат.

Генерал С.Самсалиевдин эскерүүлөрү жоокерлик күндөрүн, аскердик кызматтын учурунда жетишкен ийгиликтерин баяндоо менен уланат. Кан күйгөн согуштун башталышын биздин жердешибиз майдандын эң алдыңкы чегинде жүрүп тосуп алды. Кан майдандын алгачкы айларындагы советтик аскерлердин башына түшкөн апаат күндөр, жеңилүүлөр менен чегинүүлөрдүн баарысын башынан өткөрдү.

Ардагер генерал согуштун бардык алааматын, андагы адамдардын айкөлдүгү менен карасанатайлыгын, баатырдыгы менен коркоктугун, мекенчилдиги менен чыккынчылыгын, боорукерлиги менен ташбоорлугун, акылмандыгы менен айлакерлигин бүт бойдон ачып берет эскерүүлөрүндө. Ал турсун согуш талаасында адамдар айлакерликтин түркүн түс жолдорун ойлоп табышкандыктарынан бери баяндап берет.

Баарына белгилүү болгондой, айрыкча, 1985-жылкы М.С.Горбачевдун коомдук турмушубузду кайра куруу, ачык айтуу, демократиялаштыруу процессинин учурунда Улуу Ата Мекендик согуштун алгачкы айларында Советтик Армиянын жоготуулары тууралуу көптөгөн материалдар ачыкка чыгып, "Огонек", "Московские новости", "Комсомольская правда" сыяктуу басылмаларда ошол мезгилге чейин белгисиз, тагыраак айтканда, жашыруун сыр сыяктуу сакталып келген фактылар ачыкка чыкты. Айталы, 1937 – 1938-жылкы кандуу реперссиянын жылдарында Кызыл Армия дээрлик бүт бойдон аскер башчыларынан – полктун командирлерине чейин – ажырагандыгы, 1935-жылы "Советтер Союзунун маршалы" аскерий наамы киргизилгенде бул наам эң алгачкылардан болуп ыйгарылган беш маршалдын (Тухачевский, Ворошилов,Блюхер, Буденный, Егоров,) үчөө (Тухачевский, Блюхер, Егоров,) бейкүнөө атылгандары; эгер биз буга чейин Сталинграддын алдында немецтик-фашисттик армиянын 300 миңге жакын жоокерин колго түшүргөнүбүздү сыймыктануу менен айтып келсек, 1941-жылы июль – августа Киевдин алдында немецтик армия биздин 600 миң жоокерибизди, август – сентябрда Смоленскинин алдында 400 миң аскерибизди колго түшүргөндүгүн, сентябрь – октябрда Ржевонун тегерегиндеги токойлордо 550 миң жоокерибиз курчоодо калганын дагы да көптөгө-көптөгөн жүрөк титиреткен маалыматтарды кайра куруу жылдарында билдик. Эгерде Советтик Армия Москвадан Берлинге чейин дээрлик төрт жылда жетсе, немецтик армия СССРдин эң батыштагы Брест чебинен Москванын четине чейин төрт гана айда кирип келгенин эле эске алчу болсок немецтик-фашисттик армия канчалык кубаттуу, канчалык кыйраткыч күчкө ээ болгондугун так, даана түшүнөбүз. Согуштун ошол алгачкы айларындагы адам чыдагыс кыйынчылыктарды генерал Самсалиев да жаап-жашырбастан баяндайт.

Генерал С.Самсалиев эскерүүлөрүндө согуштун алгачкы айларындагы Кызыл Армиянын жеңилүүлөрү менен чегинүүлөрүнүн тээ түпкү себептерин ачып берүүгө аракет кылат. Бул ишти жасоодо, албетте, жогоруда биз сөз

кылып кеткен горбочевдук кайра куруунун учурундагы айкындык заманынын таасири ачык эле байкалып турат.

Генералдын ой толгоолорунда Улуу Ата Мекендик согуштун өзгөчө талуулуу маселелери козголот.“Чү” дегендеги эле ой мына мындай: “...к войне мы не были подготовленными.” Кайра куруу мезгилине чейин ушинтип айтууга болот беле, айрыкча, аскер адамына? Албетте, жок. Бирок, бул абал чындык болчу. Бул даярдыксыздын бир катар себептери бар эле. Ал себептердин эң биринчиси: “...высшее руководство СССР в лице Сталина вместо того, чтобы заняться мобилизацией всех ресурсов, чтобы быть готовым дать отпор надвигающемуся врагу, предпринимало прямо противоположные действия”, – болчу.Анан да жогоруда айтылып өткөндөй: “...массовым репрессиям подверглись офицеры и генералы... 70 процентов всех генералов и полковников Советской армии были расстреляны”. Кызыл Армия сабаттуу, нукура адис жетекчилеринен айрылды. Андан ары генерал С.Самсалиев өзгөчө бир ачуу чындыкты айтат. “Фашистская Германия была фактически союзником сталинской Советского Союза, его стратегическим партнером...” – дейт генерал. Маселенин баары мына ушунда болчу... Албетте, айрым бирөөлөргө генералдын бул ою теңирден тескеридей, ыйык нерсенин ышпалдасын чыгарып жаткандай туюлушу ыктымал, бирок, кайталап айтабыз, Улуу согуштун алгачкы айларындагы Кызыл Армиянын абалы кимди да болсо мына ушундай ойго алып келери бышык.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыздардын арасынан эң биринчи болуп генерал-майор аскерий наамын алган Султаналы Самсалиев агайыбыздын мемуардык эскерүүлөрү баарыбызды биринчи кезекте дал ушундай чынчылдыгы, акыйкат сөздү кашкайта бетке айткан адилеттүүлүгү менен эсте калат жана улуттук адабиятыбыздын айдыңындагы Улуу Ата Мекендик согуш жөнүндөгү эң мыкты эскерүүлөрдүн бири болуп эсептелет.

**б) Калыйнур Үсөнбековдун “От кечкен күндөр” (“Ыйык милдетти аткарып”) мемуардык китеби: инсан жана согуш проблемасы.** Советтер Союзунун Баатыры (1945), генерал-лейтенант (1985) Калыйнур Үсөнбеков 1921-жылы Түп районунун Ой-Булак айылынды туулган. 1985-жылы “Кыргызстан” басмасынан жарык көргөн “Ыйык милдетти аткарып” деген мемуардык китеби дал ошол киндик каны тамган айылындагы балалык күндөрүн сүрөттөө менен башталат. Колбашчынын бул китеби орусчага которулуп, 1989-жылы Москвадан “Путь к вершине” деген аталыш менен басылып чыкты. Кийинки 1990-жылы К.Үсөнбеков бул мемуардык китебин кайра бир сыйра карап чыгып, “От кечкен күндөр” деген аталыш менен окурмандарга тартуулады.

Китептин алгачкы “Ыйык милдетти аткарып” деген басылышы 37 бөлүмчөдөн турат. Айрым бөлүмчөлөр (I, II, XYIII) эки же үч беттен гана турса, кээ бир бөлүмчөлөрдөгү (XIII жана башкалардагы) окуялар 30 бетке чейин созулган. Ал эми 1990-жылкы “От кечкен күндөр” деген аталыш менен басылып чыккан вариантында айрым бөлүкчөлөр бириктирилип, жалпы жонунан мындай главалар отузду түзгөн. Албетте, генерал бул китебин бир отуруп эле жаза койбогондугу көрүнүп турат. Анткени, “Советтик

Кыргызстан” гезитинин” 1980-жылдын 24, 25-апрелдериндеги сандарына “Советттер Союзунун Баатыры эскерет” деген тема менен чоң үзүндү, “Ала-Тоо” журналынын 1984-жылдагы № 3-санына “Ыйык милдетти аткарып (Документалдуу баян)” деген аталыш менен көлөмдүү (20 – 66-беттер) үзүндүсү, “Кыргызстан коммунисти” журналынын 1985-жылкы № 5-санына “Акыркы чабуул” деген үзүндүсү жарыяланган эле. Китеп жарык көргөндөн кийин азыркы айтылуу окумуштуу Раиса Кыдырбаева тарабынан “Баатырдын экинчи ашуусу” аттуу рецензиясы ошол учурдагы эң окумдуу “Кыргызстан маданияты” жумалыгынын 1986-жылдын 28-августундагы санына жарыяланган болчу. Ал эми мемуардык китептин оңдолгон варианты басылып чыкканга чейин да автор андагы айрым главалар менен окурман журтту тааныштырып олтурган. Мисалы, “Ленинчил жаш” гезитинин 1986-жылдын 9-май күнкү санында “Согуштагы бир окуя” деген, ал эми “Ала-Тоо” журналында болсо “Катаал жылдардын изи” деген главасы жарык көргөн.

Китептеги отуз главанын жыйырмасы майдандагы күрөштөргө арналган. Айрыкча “Батарея согушка!”, “Никополду бошотуу”, “Веселиново чеби үчүн салгылаш”, “Атасы баласын көмгөндө”, “Одер плацдармы” деген главалары өтө таасирдүү жазылган. Айтмакчы, дал ушул Одер дарыясынын жээгинде көрсөткөн эрдиги үчүн жыйырма төрт жаштагы улук лейтенант Калыйнур Үсөнбековго “Советтер Союзунун Баатыры” деген ардактуу наам ыйгарылган эмеспи... Автордун мемуардык китебинде баатырдык менен чыккынчылык, айкөлдүк менен арамзалыктар менен бир катарда пенде баласына мүнөздүү аруу сезимдер да эң сонун берилген. “Ак булутка”... Жумагүл” деген глава келечектеги өмүрлүк жалдошу, кыргыз кыздарынан чыккан алгачкы партиялык жана педагогикалык жетекчи Жумагүл Мусаева экөөнүн ортосундагы ашыктык мамилеге арналган.

Жыйынтыктап айтканда, Калыйнур Үсөнбековдун “От кечкен күндөр” (“Ыйык милдетти аткарып”) деп аталган бул мемуардык китеби улуттук адабиятыбызда бул жанрда жаралган чыгармалардын катарын татыктуу толуктап турат.

**в) Согуш жана тынчтык проблемасы Дайыр Асановдун “Жердеги жашоо үчүн” китебинин башкы идеясы.** Элибиздин дагы бир даңктуу уулу Дайыр Асанов да “Военно-патриотическое воспитание молодёжи” (Ф.: 1976), “Ради жизни на земле” (Б.: 2002), “Жердеги жашоо үчүн”(Б.: 2016. Которгон Эрнис Турсунов), “Святой долг и призвание командира” (Б.: 2006) деген китептерди жазып калтырган. Кайтыш болооруна (2009) үч жыл калганда басылып чыккан бул китебин автор көп жылдык камылгасынын натыйжасында жараткан десек болот. Анткени, китеп менен дыкаттап таанышкан адам мындагы айрым окуялар тээ 60- 70- 80-жылдары эле республикалык гезит, журналдардын беттеринде жарыялангандыгын байкайт. Айталы, “Блокнот пропагандиста и агитатора” деген журналдын 1962-жылдагы № 8-санына жарыяланган “Великий подвиг”, “Литературный Киргизстан” журналынын 1975-жылкы № 3-санына жарыяланган “Памяти

огненных лет”,  ушул эле журналдын 1980-жылкы № 3-санына жарыяланган “Дорогой мужества и славы”, “Ленинчил жаш” гезитинин 1979-жылдын 9-май күнкү санында окурмандарга тартууланган “Улуу Жеңиштин узак таңдары” деген эскерүүлөр кийин бир аз редакцияланнуу менен китепке киргенин көрөбүз.

Китептеги баяндоолордун негизинде айтчу болсок, Дайыр Асанов Түштүк-Батыш, Дон, Сталинград, Талаа (Степной), 2-Украина фронтторунда кызмат өтөп, бардык учурда майдандын эң алдыңкы чектеринде душман менен бетме бет туруп, кээде бир окопто, бир траншеяда салгылашып, баатырдыктын, патриоттуулуктун (мекенчилдиктин) нукура үлгүсүн көрсөткөн.

Дайыр Асанов Улуу Ата Мекендик согушка ошол эле 1942-жылы Сталинград фронтунда аткычтар артиллериялык полкунун 31-танктарга каршы жеңил артиллериялык бригадасында замбирек мээлөөчүсү катары баштаган. Ошентип, болочок Баатыр өлкөнүн түштүгүндөгү алгач Түштүк-Батыш, Сталинград, Дон, Талаа (Степной) фронтторунда кызмат өтөйт.

Дайыр Асановду согуштагы эң чоң сыноо али алдыда күтүп жаткан эле. 1943-жылы 23-мартта Украинанын Харьков облусунун борбору  Харьков шаарына жакын жайгашкан Чугуев районунун Пятницк кыштагы үчүн салгылашта өзгөчө эрдик көрсөттү. Ооба, бул өзгөчө эрдик эле. Өмүр менен өлүмдүн тим бет маңдай келүүсү ушунчалык дана көрүнүп турганда жасалган эрдик эле. Ала-Тоолук жигиттин бул эрдигине аскер башчылары менен Совет өкмөтү татыктуу баа беришип, Советтер Союзунун Баатыры наамын ыйгаруу менен Ленин ордени жана "Алтын жылдыз" медалы менен сыйлаган...

Баатырдын Мекен үчүн канжыгага баш байлаган бул эрдиги мемуардык китебинде бир топ жүрөккө жетерлик деңгээлде чагылдырылып берилген.

Кийин, 1943-жылдын 20-октябрынан тартып Талаа (Степной) фронту 2-Украина фронту деп аталган соң ушул даңазалуу фронттун курамында душман менен салгылашып, ушул даңазалуу фронттун курамында Улуу Жеңишти тоскон.

Дайыр Асанов мемуардык китебинде согуштагы каардуу күндөрдөн алчу сабактар, ал апаат күндөрдүн бүгүнкү муун үчүн таалим-тарбиялык мааниси тууралуу ар качан эриш-аркакта жазып жүрүп олтурат. Ал күндөрдүү эскерүү биринчи кезекте мекенчилдик тарбия менен тутумдаш экенин эске салып жүрүп олтурат. “Мекенчилдик” деген сөздү унутуп бараткаnыбызга өкүнөт. Ал биздин ооздон айтылбай да калгандыгына сарсанаа болот. Мекенчил адамдын эң жарык сезимин мазактоого жол бербешибиз керектиги дамамат айтып турат .

Советтер Союзунун Баатыры Дайыр Асановдун мемуардык китеби ушундай өзгөчө белгилери менен да баалуу.

**Илимий ишибиздин үчүнчү бабынын экинчи бөлүмүндө “Маданият ишмерлеринин мемуардык чыгармалары – улуттук**

**мемуардык адабияттын жаңы баракчасы**“ деп аталган экинчи бөлүмдө да өз ара эки бөлүкчөгө бөлүнүп берилди.

**Биринчи (а) бөлүкчө Коом жана инсан проблемасынын Асанкан Жумакматовдун “Менин тагдырымдын оркестри” мемуардык китебинде көркөм чечмелениши** деп аталды. Дүйнөлүк жана орус адабиятынын айдыңына көз салсак атактуу композиторлор, режиссёрлор, музыканттар, ырчылар өз өмүр тагдыры тууралуу эң сонун мемуардык чыгармаларды калтырып кетишкен. Бул сөзүбүздүн классикалык үлгүсү катары улуу ырчы Фёдор Шаляпиндин эки китептен турган “Маска и душа”, даңазалуу опера ырчысы Галина Вишневскаянын “Я – Галина” деген жана көптөгөн китептерди көрсөтүп кетсек болот. Улуттук маданиятыбызда да мемуардык чыгармалардын талап-мүдөөлөрүнө толук жооп берген эскерүү китептери жаралды. Мунун айкын мисалы катары улуу музыкант Асанкан Жумакматовдун 17.25 басма табак көлөмүндөгү “Менин тагдырымдын оркестри” деген эң сонун китебин көрсөтүп кетсек болот. “Менин “оркестрим” – өмүр жолумда жолуккан ар кыл адамдарым. Төрүмө өткөзүп, насибимди бөлүшүп, алар менен дос болгом, чыгарма жаратып талашкам, тартышкам, күрөшкөм...

Менин “оркестрим” – ал менин насаатчыларым жана шакирттерим, узак жылдар катар иштешкен өнөктөрүм.

Менин “оркестрим” – ал биз күбө болуп катышкан улуу доордун окуялары жана жөнөкөй эле күндөлүк иштер”. (6-бет) Көлөмдүү китепте эмне жөнүндө сөз болорун мындан кыска, мындан так айтып берүү мүмкүн эместей. Бирок, бизди эң кызыктырган маселе – **ушунун баары кантип айтылды** деген суроо экенин да эсибизден чыгарбаганыбыз оң.

Он жети главадан турган бул мемуарда улуу музыканттын өмүр тагдыры аркылуу бүтүндөй бир доордун картинасын көз алдыбызга тартылат. Ал картина турмуштун өзүндөй көп түстүү. Автор кепти өзүнүн гениологиялык тамырынан баштайт. Билгенге бул катардагы карапайым адамдын эмес бүтүндөй бир улуттун маданиятынын бир слаасын таптакыр жаңы баскычка, таптакыр жаңы бийиктикке жеткирген улуу таланттын гениологиялык тамыры эле. Дал ушунусу менен бул баян ар бир окурман үчүн кызык, уникалдуу. Албетте, чыгармада искусство чөйрөсү басымдуулук кылганы менен өз мезгилиндеги коомдук турмуштун социалдык-саясий абалы тууралуу да иш билги талдоолор жасалат. Ал эми мындай учурлар өз кезегинде китептеги турмуш панорамасын толук кандуу абалга жеткирүүгө пайдасын тийгизип турат. Китепте өтө көп адамдардын – кыргыз, орус, дүйнөлүк искусствонун залкарларынын – ысымдары аталат, карапайым окурман анчалык аңдай бербеген музыкалык терминдер айтылат, толгон-токой окуялар баяндалат. Бирок, автор топураган адамдардын, баш айланткан окуялардын туткунунда калбастан китептеги **ар бир адам тууралуу өзүмдүк пикирин, ар бир окуянынын башка окуялар менен карым-катышын** эч качан колдон чыгрбайт. Залкар дирижёрдун мемуарындагы дал ушул сапат окурмандын бүйүрүн кызытат, өзүнө тартат. Айталы, кыргыз рофессионал музыка өнөрүнүн алгачкы өкүлдөрү Анвар

Куттубаева, Сайра Кийизбаева, Марьям Махмутова, Абдылас Малдыбаев, Ашыралы Боталиев, Жапар Сыдыков, Магинур Мустаева, Мамбеталы Кыштообаев, Шейше Орозов сыяктуу көрүнүктүү инсандар менен болгон мамилеси жана берген баалары эч кимди кош көңүл калтырбайт. Айрыкча Анвар Куттубаева (“адептүүлүгү, жупунулугу, ...ыйбаалуу аялдык касиетин абийирдүү сактаган...”) менен Сайра Кийизбаеванын (“оттон-суудан кайра тартпаган, олбурлуу, эркек мүнөздөгү аял...”) таптакыр эки полюста турган кулк-мүнөздөрүн А.Жумакматов эч бир тартынбастан баяндап берет. Кыргыз ырчылары гана эмес Москва менен Ленинграддын сахнасындагы ишмерлер жөнүндө да улуу маэстро эч нерседен жалтанбастан болгонун болгондой көрсөтүп бере алган.

Ал эми 1958-жылкы кыргыз адабияты менен искусствосунун экинчи декадасында башкы дирижёр болгон, декаданын жыйынтыгы боюнча Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган Асанкан Жумакматовду көп өтпөй (1962) кыргыз бийлиги кызматтан алып, ишсиз калтырганычы?! Мемуардын мындай окуялар баяндалган учурлары окурмандын бүйүрүн кызытып, чыгармага болгон кызыгуусун андан бетер арттырат.

Жыйынтыктап айтканда, улуу маэстро Асанкан Жумакматовдун “Менин тагдырымдын оркестри” деген бул мемуардык китеби бардык жагынан алганда жанрдын талабына төп келип турган эң сонун чыгарма десек болот.

Үчүнчү баптын **экинчи бөлүмү “Бийлик жана талант атактуу обончу, композитор Түгөлбай Казаковдун “Эсимде” аттуу мемуардык үчилтигинен өзөктүк маселеси”** деп аталат.

Автордун аныктамасы боюнча бул үч томдук “китебирээк бирдеме”. Албетте, бул тамашалай айтылган аныктама. Биринчи китеп төрт бөлүктөн турат да негизинен балалык жана боз улан курагын баяндоого арналган. Китептин төрт топко бөлүнгөн мемуардык бөлүмүнүн экинчи тобу “Ыр баян” деп аталып, мында Т.Казаков тогуз ырынын жазылыш тарыхын баяндап берет. Чыгармачылык менен инсандык тагдыр өзгөчө бир эриш-аркакта берилген бул бөлүм эч кимди кош көңүл калтырбайт.

Ал эми “Сүрөт баян” жана “Эсимде” деген бөлүмдөрдө Рыспай Абдыкадыров, Асанкалый Керимбаев, Жолдубай Кайыпов, Мукан Рыскулбеков ж.б. бир топ обончулар менен Жолон Мамытов, Мухтар Шаханов, Анатай Өмүрканов сындуу көйкашка акындар жөнүндө кеп кылат. Ар бирине мүнөздүү сапат-белгилерди так, таамай көрсөтүп берет. Айрыкча, Т. Казаков жараткан Рыспай Абдыкадыровдун образы башкалардан өзгөчө тартылгандыгы менен айырмаланып турат.

“Эсимденин” экинчи китеби үч бөлүктөн турат. “Ыйык Көлдө” деген биринчи топто ЖОЖду жаңы бүткөн жаш адис Т.Казаковдун Ысык-Көлдөгү алты жылдык турмушу көркөм баяндалат. Мында автор коммунисттик бийликтин аткаминерлеринин айрымдарынын (райкомдун биринчи катчысы Мамыркалиевдин) адам сапатынан алыс турган кулк-мүнөздөрүн, ал эми айрым жетекчилердин (ректор Эрик Коңурбаевдин), тескерисинче, өтө адамгерчиликтүү жүрүм-турумун чыныгы художникче таамай ачып берген.

Ал эми мемуардык бөлүмдүн “Эсимде” деп аталган экинчи тобу атактуу төкмө Шекербек Шеркулов менен белгилүү куудул Асанкул Шаршеновго арналган. Адаттагыдай эле жумшак юмор менен жазылганын баса белгилегибиз келет. Ал эми “Ыр баян” деген үчүнчү топто залкар обончу айрым обондорунун жазылыш тарыхына, ал обондордун таржымалы өзүнүн пенделик тагдыры менен ажырагыс биримдикте экенин тереңден ачып берет.

Т.Казаковдун “Эсимдесинин” үчүнчү китеби атактуу режиссёр Дооронбек Садырбаевдин “Түркүн тагдырлар” деген фильмине тартылуусунан, анын музыкасын жазуудан, Бакыт Карагуловдун “Удержись в седле!” деген фильминин музыкасын жазуудан башталат да, КТРКга “музыкалык редакциянын редактору” болуп ишке орношкону, бул жердеги кызыктуу окуялар менен уланып (“Өшөнтип тагдыр мени телерадиого алып келди. Анын тузу оор экенин анда билген эмесмин”), анан Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыгына көрсөтүлүшү жана аны алууга чейинки таштак жол менен бүтөт.

Түгөлбай Казаковдун “Эсимде” деп аталып, үч китептен турган бул мемуары да жанрдын талаптарына шайкеш келүү менен жазылып, өз доорунун, андагы адамдар ортосундагы мамиленин, чыгармачыл адам менен айлана-чөйрөнүн алака-катышынын эң сонун картинасы болуп эсептелет.

## КОРУТУНДУ

Диссертациялык изилдөөбүздө иштин максат, милдеттерине ылайык төмөнкүдөй жыйынтыктар алынды:

1. Мемуардык чыгармалардын спецификалык белгилери, жанрдык табияты жана кыргыз адабиятында изилдениши, мемуардык чыгармалардын өзүнө гана мүнөздүү жанрдык өзгөчөлүгү талдоого алынды.

2. Мемуардык чыгармалардын Батыш Европа адабиятында калыптаныш процесси, жанрдык табияты, кыргыз профессионал адабиятынын телчигиши, аталган жанрдагы көркөм туундулардын пайда боло баштагандыгы илимий-теориялык өңүттөн талдоого алынды.

3. Илимий ишибиздин изилдөө обьектиси катары улуттук адабияттагы мемуардык чыгармалар алынып, алардын төл адабиятыбыздагы калыптануу процесси, өнүгүү эволюциясы, бул жолдогу айрым кенемтелери менен жетишилген жетишкендиктери тууралуу жыйынтыктар чыгарылды..

4. Эл ырчыларынын эскерүүлөрү мемуардык адабияттын алгачкы үлгүлөрү катары каралыш керектиги баса белгиленди. Атактуу төкмөлөр Калык Акиевдин “Баскан жол”, Осмонкул Бөлөбалаевдин “Менин өмүрүм”, Саякбай Каралаевдин “Унутулгус күндөр”, Алымкул Үсөнбаевдин “Аксы багытында” деген көркөм туундулары талдоого алынды. Авторлордун бири “эскерүүлөр”, бири “баян”, бири “эстеликтер” ж.б. деген жанрдык аныктама берип басылып чыккан бул китептердин мемуардык чыгарманын классикалык талап-мүдөөлөрүнө канчалык деңгээлде жооп бере тургандыгы, ошол эле учурда жанрдын ички табиятына кайсы сапат-белгилери менен жооп берип тура тургандыгы аргументтуу ойлор менен чечмеленип көрсөтүлдү.

5. Профессионал адабиятыбыздын алкагындагы мемуардык чыгармалардын мыкты үлгүлөрүнөн болгон Т.Сыдыкбековдун “Жол”, “Бел-белес”, Абдырасул Токтомушевдин “Үркүн” (“Мен көргөн күндөр”) чыгармалары талдоого алынды жана мемуардык чыгармалардын алкагында алган ордун аныктоо аракети жасалды.

6. Эгемендик жылдардын учурунда жазылган атактуу жазуучу Аман Саспаевдин “Шашкедеги кара туман”, көрүнүктүү окумуштуу-адабиятчы Кеңешбек Асаналиевдин “Адабий айкаш” аттуу мемуардык чыгармалары талдоого алынды жана тиешелүү жыйынтыктар жасалды.

7. Диссертациялык ишибиздин негизги жаңылыктарынын дагы бири аскер адамдары менен маданият ишмерлеринин мемуардык чыгармалары талдоого алынгандыгы болду. Буга чейин аскер адамдары менен маданият ишмерлеринин мемуардык чыгармалары улуттук адабиятыбыздын контекстинде эч бир өңүттөн каралбай келген. Улуттук адабият таануубуздун тарыхында биринчи жолу биз аскер адамдары менен маданият ишмерлеринин мемуардык чыгармаларын жанрдын талап-мүдөөлөрүнүн алкагында кеңири талдоодон өткөрдүк. Кыргыз уулдарынын арасынан чыккан алгачкы аскер генералдары С.Самсалиевдин, Калыйнур Үсөнбековдун, Дайыр Асановдун китептерин адабий-көркөм чыгарманын

чен-өлчөмүнөн туруп, бул китептер элибиз баштан кечирген кандуу жылдардын чыныгы көркөм летописттери экендиги көрсөтүлүп, бул эскерүүлөрүнүн өзгөчөлүктөрү ачылып берилди.

8. Улуттук мемуардык адабияттын жаңы баракчасы, улуттук мемуардык адабияттын жаңы баскычы болгон Асанкан Жумакматовдун “Менин тагдырымдын оркестри” китебинин өзгөчөлүктөрү тууралуу, атактуу обончу, композитор Түгөлбай Казаковдун “Эсимде” аттуу үчилтик мемуардык китеби дагы да болсо дүйнөлүк маданияттын улуу өкүлдөрү улуу ырчы Фёодор Иванович Шаляпиндин “Маска и душа (Мои сорок лет на театрах)”, “Страницы из моей жизни” *(А.М.Горький менен авторлош)*, Чарльз Чаплиндин “Моя удивительная жизнь”, улуу режиссёр Федерико Феллининин “Я вспоминаю...”, улуу актёр Иннокентий Смоктуновскийдин “Быть”, улуу ырчы Галина Вишневскаянын “Галина. История жизни” деген дагы да көптөгөн, көптөгөн көрүнүктүү өнөр адамдарынын калеминен чыккан – миллиондогон окурмандардын болуп көрбөгөндөй кызыгуусун жараткан – мемуардык чыгармалардын контекстинде каралды.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Бир катар негизги пункттарды изилдөөнүн жыйынтыгында түзүлгөн практикалык сунуштар катары төмөнкүлөрдү көрсөтмөкчүбүз.

1. Диссертациянын натыйжалары мемуардык чыгармалардын дүйнөлүк адабияттагы тарыхы менен улуттук адабияттагы калыптануу процессин окуп үйрөнүүчү изилдөөчүлөргө сунуш кылынышы мүмкүн;
2. Изилдөөнүн жыйынтыктары кыргыз совет адабиятынын айдыңында жаралган мемуардык чыгармаларды изилдөөдө колдонулушу мүмкүн;
3. Диссертациянын жыйынтыктары эгемендик жылдарда жарык көргөн мемуардык чыгармаларда өткөн турмушубуздун реалдуу сүрөттөлүшүн иликтөөдө пайдаланылышы ыктымал;
4. Изилдөөнүн натыйжалары аскер адамдарынын мемуарларын үйрөнүүгө, ал аркылуу тарыхый чындыкты салыштыра кароого мүмкүнчүлүк түзөт;
5. Изилдөөнүн натыйжалары кыргыз маданияты басып өткөн жолду, азыркы абалын окуп билүү үчүн да маанилүү.

## Диссертациянын негизги жоболору төмөнкү эмгектерде чагылдырылды:


1. **Курманалиева, Г.Ж.** Мемуардык чыгармаларда тарыхый чындыктын чагылдырылышы [Текст] / Г.Ж.Курманалиева // И.Арабаев ат.КМУ жарчысы. – 2015. – №2. – 73-76-б.
2. **Курманалиева, Г.Ж.** Мемуардык китептер-көркөм чыгарма катары (1-макала) [Текст] / Г.Ж.Курманалиева // Ж.Баласагын ат. КУУ жарчысы. – 2015. – 261-266-б.
3. **Курманалиева, Г.Ж.** Мемуардык китептер-көркөм чыгарма

катары (2-макала) [Текст] / Г.Ж.Курманалиева // Ж.Баласагын ат. КУУ жарчысы. – 2015. – 266-271-б.

4. **Курманалиева, Г.Ж.** Совет доорундагы көркөм сөз өнөрүнүн өкүлдөрү (К.Акиев, О.Бөлөбалаев, А.Үсөнбаев ж.б.) [Текст] / Г.Ж.Курманалиева // ОшМУ жарчысы. – 2016. –№3(4). – 192-195-б. https://elibrary.ru/item.asp?id=27666930

5. **Курманалиева, Г.Ж.** Мемуардык чыгармаларда көркөм образдын иштелиши (1-макала) [Текст] / Г.Ж.Курманалиева // Известия ВУЗов. – 2017. –№4. – 189-191-б. https://elibrary.ru/item.asp?id=29817065

6. **Курманалиева, Г.Ж.** Мемуардык чыгармаларда көркөм образдын иштелиши (2-макала) [Текст] / Г.Ж.Курманалиева // Наука, новые технологии и инновации. – 2017. –№6. – 189-193-б.
https://www.elibrary.ru/download/elibrary_29817065_83299081.pdf

7. **Курманалиева, Г.Ж.** Эл ырчыларынын мемуардык чыгармаларынын окшоштуктары [Текст] / Г.Ж.Курманалиева // ЖАМУнун жарчысы. – 2020. –№2(45) – 97-101-б.
https://www.elibrary.ru/download/elibrary_44593405_39602334.pdf

8. **Курманалиева, Г.Ж.** Генерал С.Самсалиевдин мемуардык чыгармаларынын өзгөчөлүктөрү. [Текст] / Г.Ж.Курманалиева // ЖАМУнун жарчысы. – 2021. –№2(45). – 137-145-б.
https://www.elibrary.ru/download/elibrary_47850012_81247384.pdf

9. **Курманалиева, Г.Ж.** “От кечкен күндөр” аттуу мемуардык китепте согуш жана инсан [Текст] / Г.Ж.Курманалиева // Известия ВУЗов. – 2021. –№5. - -271-277-б.
https://www.elibrary.ru/download/elibrary_48220877_66943185.pdf

10. **Курманалиева, Г.Ж.** Залкар Дрижер Асанкан Жумакматовдун “Менин тагдырымдын оркестри” деген мемуардык китебинин өзгөчөлүктөрү[Текст] / Г.Ж.Курманалиева // ЖАМУнун жарчысы. - 2022. -№4. – 18-22-б.
https://www.elibrary.ru/download/elibrary_48220877_66943185.pdf

11. **Курманалиева, Г.Ж.** К.Асаналиевдин "Адабий айкаш" китеби тууралуу учкай сөз [Текст] / Г.Ж.Курманалиева // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. – Новосибирск, 2023. –№6. –55-58-б.
https://elibrary.ru/item.asp?id=50422812

12. **Курманалиева, Г.Ж.** Түгөлбай Казаковдун "Эсимде" аттуу мемуардык китеби тууралуу [Текст] / Г.Ж.Курманалиева // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. – Новосибирск, 2023. –№6. – 59-63-б. https://elibrary.ru/item.asp?id=50422812

**Курманалиева Гүлнуркан Жакыпбековнанын “Мемуардык чыгармалар: жанрдык табияты, калыптанышы жана өнүгүү эволюциясы” деген темадагы 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Түйүндүү сөздөр:** адабият, баалуулук, көркөм баалуулуктардын чен өлчөмү, көркөм-эстетикалык мазмун, көркөм чындык, литература, мемуардык адабият, образ, тарыхый чындык, тарыхый-адабий маңыз, улуттук адабият, эксперименталдык изилдөө.

**Изилдөөнүн объектиси:** Кыргыз акындары менен жазуучуларынын мемуардык чыгармалары.

**Изилдөөнүн предмети:** Кыргыз адабиятындагы мемуардык чыгармалар.

**Илимий иштин максаты жана милдеттери.** Изилдөөбүздүн негизги максаты – мемуардык чыгармалардын калыптануу жана өнүгүү эволюциясын, улуттук адабиятта ээлеген ордун, жанр катары структуралык-типологиялык, идеялык-эстетикалык өзгөчөлүгүн илимий анализге алуу.

**Илимий иштин жаңылыгы.** Улуттук адабияттаануубузда ушу күнгө чейин жеткиликтүү изилденбей келе жаткан теориялык проблемалардын бири болгон мемуардык чыгармалардын табияты, калыптанышы жана өнүгүшү алгач ирет баштан аяк системалуу иликтөөгө алынып, өзүнчө жанр катары мүнөздүү өзгөчөлүктөрү, аларды шарттаган коомдук-маданий кырдаалдар, мемуардык чыгармалардын структуралык-типологиялык мүнөзү жана түрлөрү комплекстүү изилдөөгө алынып, жыйынтыктардын чыгарылышы илимий иштин жаңылыгы болуп эсептелет.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** “Мемуардык адабият” деген түшүнүктүн тарыхый-филологиялык табиятынын алгачкылардан болуп ачылып берилишин, бул багыттагы материалдарды жандуу адабий процесске кошуусун, мемуардык чыгармалар улуттук көркөм казынабыздын ажырагыс бир бөлүгү экендигин конкреттүү мисалдардын негизинде далилдөөсүн жана да бул багыттагы көркөм туундулардын комплекстүү изилдөөгө алынышын изденүүчүнүн жеке салымы катары кароого болот.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** Диссертациянын материалдарын адабий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө, ЖОЖдордо жана жалпы билим берүүчү орто мектептерде окуу процессинде колдонуу сунуш кылынат.

**Колдонуунун чөйрөсү:** илимий изилдөөлөр аймагы, ЖОЖдордо жана жалпы билим берүүчү орто мектептерде практикалык билим берүү.

**Резюме**

**диссертации Курманалиевой Гулнуркан Жакыпбековной на тему «Мемуарные произведения: жанровая природа, становление и процесс эволюции» на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.01.01 – кыргызская литература**

**Ключевые слова:** историческая правда, историко-литературная сущность, критерии художественной ценности, литература, мемуарная литература, национальная литература, образ, художественная правда, художественно-эстетическое содержание, ценность, экспериментальное исследование.

**Объект исследования:** Мемуарные произведения кыргызских акынов, писателей.

**Основные цели исследования.**

Наши основные цели в исследовании мемуаристики - это анализ эволюции мемуаристических текстов, их структурно-типологические особенности и идеологическо-эстетические инновации в контексте мировой литературы. Новизна научного подхода заключается в систематизации теоретических проблем, о которых до настоящего времени было мало информации в области мировой литературы, таких как природа, структура и начальное развитие мемуаристических текстов, а также в их анализе с учетом жанровых особенностей, индивидуальных инноваций, социокультурных влияний и структурно-типологических аспектов мемуаристики, что позволяет оценить целостность выводов научной работы.

**Индивидуальный вклад исследователя.** Диссертант одним из первых раскрывает историко-филологическую природу понятия «Мемуарная литература», проведя поиски материалов в этом направлении в архивах, в семейных архивах поэтов и писателей, приобщает их в живой литературный процесс, доказывает на основе конкретных примеров то, что мемуарные произведения являются неотъемлемой частью национального художественного достояния, а также подвергает комплексному анализу художественные произведения в этом направлении, что является индивидуальным вкладом соискателя.

**Рекомендации по использованию:** материалы настоящей диссертации рекомендованы для использования при проведении иследований по кыргызскому литературоведению, в учебном процессе вузов и общеобразовательных средних школ.

**Title: "Memoir Works: Genre Nature, Formation, and Evolution"**

**Abstract:**

**This dissertation by Gulnurkan Zhakypbekovna Kurmanalieva is submitted for the degree of Candidate of Philological Sciences in the field of 10.01.01 - Kyrgyz Literature.**

**Keywords:** artistic-aesthetic content, artistic truth, criteria of artistic value, character, experimental research, literature, memoir literature, national literature, historical truth, historico-literary essence, value,.

**Research Object:** Memoir works of Kyrgyz akyns (bards) and writers.

**Main Research Goals**: Our main goals in the study of memoir literature are to analyze the evolution of memoiristic texts, their structural-typological features, and ideological-aesthetic innovations within the context of world literature. The novelty of our scientific approach lies in the systematization of theoretical problems that have received little attention in the field of world literature, such as the nature, structure, and initial development of memoiristic texts, as well as their analysis considering genre-specific characteristics, individual innovations, socio-cultural influences, and structural-typological aspects of memoir literature, which allows for the assessment of the integrity of the conclusions of our scientific work.

**Scientific Novelty:** This dissertation explores the nature of memoir works, which have not been thoroughly studied in our national literary studies to date. It identifies unique qualities and features inherent to them and investigates them within the context of the societal life of the era to which they belong. It examines memoirs of writers through concrete examples of thematic diversity and uncovers the genre richness of memoir works, subjecting their artistic-aesthetic value to analysis.

**Researcher's Individual Contribution:** The author of this dissertation is among the first to uncover the historico-philological nature of the concept of "Memoir Literature." The researcher conducted extensive searches for materials in this direction within archives and the family archives of poets and writers, integrating them into the living literary process. The dissertation provides evidence, based on concrete examples, that memoir works are an integral part of the national artistic heritage. Additionally, it conducts a comprehensive analysis of artistic works in this direction, constituting the researcher's individual contribution.

**Recommendations for Use:** The materials of this dissertation are recommended for use in Kyrgyz literary studies research, in the educational process of universities and secondary schools.